Бекитемин

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т

«01 09 2022-жыл

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы Кылмыштуулукту алдын алуу кеңешинин бир жылдык иш планы**

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жылдык иш план түзүү | Сентябрь | Алдын алуу кеңеши Мүчөлөрү менен бирге |
| 2 | Мектеп ичинде жана шаар ичинде каттоодо турган балдарды аныктоо жана тартибин көзөмөлдөө. | Ар дайым | Алдын алуу кенешинин жетекчиси Катчы |
| 3 | Сабактан көп калган окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана жүргүзүлгөн иштер боюнча отурум өткөрүү. | Ар дайым | Алдын алуу кенешинин жетекчиси Катчы |
| 4 | Мектеп ичинде тартиби оор окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүүлөрдү жүргузүү. | Ар дайым | Класс жетекчилер |
| 5 | Дин өкүлдөрү,ИДН кызматкерлери менен жолугушуу | Ай сайын | Алдын алуу кенеши |
| 6 | Кезексиз жыйындар | Өз учурунда | Алдын алуу кеңеши |
| 7 | Окуучулардын арасында зордук-зомбулук,кылмыштуулуктун алдын алуу максатында окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Квартал сайын | Алдын алуу кенешинин жетекчиси Катчы |
| 8 | Жылдык отчет | | Жылдык отчет |

Алдын алуу кеңешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы алдын алуу кеңешинин**

**№2 ПРОТОКОЛУ**

**16.10.2021-жыл** **Кызыл-кыя шаары**

**Катышкандар :**

Төрайым - Атаханова Ш.Б

Катчы - Бекенова Г

Мучөлөр:

Алимбаева Т

Мектептин участкалык инспектору - Калматов Т

Профсоюз төрайымы -Турдуматова А

Ата-эне Беккелдиева Р

Чакырылган мугалимдер: 8-б классынын класс жетекчиси Дүйшөева Г.

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1.Сабакты көп калтырган окуучу Махаматюнусов Акмалдин ишин кароо.

2. Түрдүү маселелер.

**Угулду:**

1- Маселе боюнча алдын алуу кеңешинин төрайымы Атаханова Ш.,сөз сүйлөдү. Урматтуу алдын алуу кеңешменин мүчөлөрү 8-б классынын окуучусу Махаматюнусов Акмалдин мектеп ичиндеги тартип бузуулары, өзүн алып жүрүүшү жөнүндө окуучулардан көптөгөн арыз даттануулар түшүп жатат. Арыз даттануу көбүнчө 7-класстардын окуучуларынан келип жатат. Акмалдин тартиби өтө оор болуп,мугалимдер тарабынанда арыздар түшүп жатат.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

**1.Калматов А., сөз сүйлөдү.**

Саламатсыздарбы урматтуу алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү.

Акмалдин тартибин мен жакшы билемин. Күн сайын жолугуп түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келе жатамын. Ата-энесинин колунда тарбия көрбөгөндүгү үчүн бул бала ушундай акыбалга келди деп ойлоймун.

тарбия көрбөгөндүгү үчүн бул бала ушундай акыбалга келди деп ойлоймун.

**2. Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекенова Г. сөз сүйлөдү.**

Саламатсыздарбы урматтуу директор жана алдын алуу кеңешинин курамы.

Бизге 8-б класстын класс жетекчиси Дүйшөева Гулпери эжеке атайын кайрылган эле.Бул эжеке 8-б класста окуган Махаматюнусов Акмал окууга келбей жаткандыгы бир нече ирет барып, натыйжа чыкбагандыгын айтып билдирген эле.

Бул окуучу менен мен өзумда жекече сүйлөштүм, чындыгында тартиби оор окуучу. Атасы өтүп кеткендигине байланыштуу чоң ата, чоң энеси менен жашайт. Апасынын башка турмушу бар.

**3. 8-б класстын класс жетекчиси Дүйшөева Гүлпери эжеке сөз сүйлөдү.**

Мен бул 8-классты 5-класстан бери эле жетектеп келемин.

Акмал жакшы бала болчу. Былтыркы окуу жылдан бери эле тартиби бузулуп кетти. Себеби Акмалдин атасы өтүп кеткен. Апасы башка турмуш кургандыгына байланыштуу деп ойлоймун.

2.2.Мектеп профкомунун төрайымы Турдуматова А эжеке сөз сүйлөдү.

Акмалдин үйүнө канча жолу бардыңыздар ,жашоо шарты кандай?Балким бул бала менен жакыныраак сүйлөшүү керек.

**Чечим :**

1.Жогорудагы маселелерди угуп чыгып, алдын алуу кенеши биринчи маселе боюнча чечим кылат:

2.Махаматюнусов Акмал менен соцпедагог, класс жетекчи, тарбия завуч тереңирээк түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн, үйүнө барып, чоң эне-чоң атасы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү сунушталат.

Алдын алуу кеңешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы Алдын алуу кеңешинин жыйынынын**

№3 ПРОТОКОЛУ

14.11.2022-жыл Кызыл-Кыя шаары

**Катышкандар :**

Төрайым -Соцпедагог Атаханова Ш.Б

Катчы-Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекенова Г

Мектептин директору: Сарытаева Д.Т

Мучөлөр:

Алимбаева Т

Мурзахматова З

Мектептин участкалык инспектору : Калматов Т

Профсоюз төрайымы : Турдуматова А

Ата-эне Беккелдиева Р

Чакырылган мугалимдер: 6-а классынын класс жетекчиси Тагаева Айгул .

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1.Мектеп ичинде жана мектептен сырткары тартип бузган 6-а классынын окуучусу Рахманалиев Актилектин ишин кароо.

**Угулду:**

1-маселе боюнча алдын алуу кеңешинин төрайымы Атахаонова Шаиргүл сөз сүйлөдү.

Саламатсыздарбы урматтуу алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү жана мектеп директору С.Д.Турдумаматовна.

Бүгүнкү №3 кеңешменин отурумуна мектептин 6-а классынын окуучусу Рахманалиев Акилектин тартиби коюлду.Себеби бул окуучу мектеп ичинде жана мектептен сырткары одоно тартип бузуулары катталды. Ошондуктан Актилектин класс жетекчисин бүгүнкү отурумга чакырганбыз, Айгүл эжеке Актилектин акыркы тартип бузуулары боюнча маалымат берип койсо.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

1. 6-а классынын жетекчиси Тагаева Айгүл эжеке сөз сүйлөдү:

Мен бул 6-а классты бир жылдан бери жетектеп келемин.Ушул классты алгандан бери Актилектин тартибин эч эле оңдөй албадым.Мектептин соцпедагогу жана участкалык инспекторуда тынымсыз сүйлөшүп, иш алып барышат. Бирок эч кандай тартиби оңдолгон жок. Азыркы учурда кайрадан мектептин ичинде эмес,эми сыртта өзүнөн кичине окуучуларды уруп, алардан акча сурап келет экен. Аны менен классымда бир канча балдарда тартип бузууларга барып жатышат. Атасы жок,апасы жалгыз үч уулду тарбиялайт.Апасын мектепке чакырсаң келбейт.Үйүнө барсаң,үйүндө да болбойт. Себеби кечке базарда идиш жууйт, ошондуктан бүгүнкү алдын алуу кеңешинин отурумуна да чакыра албадым.Телефон чалсам албайт.

**2. Мектептин соцпедагогу Атаханова Шаиргүл Борошовна сөз сүйлөдү:**

ООба Сентябрь,октябрь айларында Актилектин үстүнөн абдан көп башка мектептин (№1,№2,№7 орто мектептин) ата-энелери келип арызданып жатышат.Бул жөнүндө Актилек менен жекечеда сүйлөшүп келебиз.Апасы такыр келбеди. Сүйлөшкөн учурда Актилек эчтекени айтпайт,сүйлөбөйт,жазып да бербейт. Ошондуктан биз алдын алуу кеңешине жан шаардык билим берүү бөлүмүнөн Актилектин тартибин оң доого жардам берүүңүздөр үчүн маселе кылып кайрылып жатабыз. Ошол эле учурда Актилекти мектеп учетуна алынуусун сунуштайт элем.

**3. Мектеп директору Сарытаева Д.Т сөз сүйлөдү:**

Урматтуу мугалимдер мына 6-а класстын окуучусу Рахманалиев Актилектин тартибин угуп чыктык.Чындыгында бул окуучу жөнүндө магада арыздары менен ата-энелер келген. Актилек менен өзүмда сүйлөшкөнмүн. Ошого карабай тартибин өңдөгөн жок.Демек биз керектүү жерлерден жардам сурашыбыз керек деп ойлоймун .Шаардык билим берүү бөлүмүнө кайрылуу жазып жардам сураналы.Балким ошол жактан сүйлөшүүлөр болсо тартиби жакшыланат. Шайыргүл эжеке айткандай мектеп учетуна да алыныш керек.

**4.Мектептин тарбия завучу Бекенова Г. сөз сүйлөдү**:

Мектеп учетуна алуудан мурда шаардык билим берүү бөлүмүнөн жардам сурап,көрөлү,убакыт берели.Учетко алып жаш өспүрүмдүн ишенчин жоготбойлу.Ошондуктан шаардык билим берүүнүн чечимин көрөлү.

**Чечим:**

1.6-а классынын окуучусу Рахманалиев Актилек менен соцпедагог,класс жетекчи,тарбия завуч тарабынан теренирээк түшүндүрүү иштерин жана ата-энеси менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлсүн.

2. Тартип бузуулар кайталанган мезгилде шаардык билим берүү бөлүмүнө кайрылуу сунушталат.

Алдын алуу кеңешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы алдын алуу кеңешинин кезексиз**

**№4 ПРОТОКОЛУ**

**06.02.2022-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

**Катышкандар :**

Төрайым - соцпедагог Атаханова Ш.Б .

Катчы -тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекенова Г.

Мектептин директору- Сарытаева Д.Т

Мучөлөр:

Мурзахматова З.

Мектептин участкалык инспектору- Калматов Т.

Профсоюз төрайымы - Турдуматова А.

Ата-эне - Беккелдиева Р.

Чакырылган мугалим: Окуу бөлүмүнүн басчысы Эгембердиева А

6-а классынын класс жетекчиси Тагаева Айгул

7-в класстын класс жетекчиси

Жалпы 12 ата-эне

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1. 6-а классынын жана 7-в классынын окуучуларынын мектеп ичиндеги пикир келишпестиктерин кароо.

1-маселе боюнча алдын алуу кеңешинин төрайымы Атаханова Шаиргүл сөз сүйлөдү.

**Угулду:**

Саламатсыздарбы, урматтуу ата-энелер, алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү жана мектеп директору С.Д.Турдумаматовна.

Бүгүнкү №4 кеңешменин отурумуна мектептин 6-а классынын окуучулары жана 7-в классынын окуучуларынын мектеп ичиндеги пикир келишпестиктери.

Бул эки класс 03.02.2023-окуу жылы 4-саатта 15 мүнүттүк чоң эс алуу учурунда өз ара пирик келишпестик болуп, 6-а классынын окуучулары 7-в классынын окуучуларына барып, тийиштик кылган. 7-в классынын окуучулары өзүнөн кичине класстардын мындай мамилесине терс жооп берген. Натыйжада эки класстын эркек балдары бири-бири менен чоң пикир келишпестикке жол берген.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

6-а классынын жетекчиси Тагаева Айгүл эжеке төмөнкүлөрдү айтты.

Ооба мен чоң тыныгууга чыккан болчуумун алдымда эки класс урушуп жатыптыр, аларды бөлүштүрөйүн деп бөлүштүрө албадым. Карасам Шайыр эжекеда ошол

уруштун ичинде окуучуларды бөлүштүрүп жүрүптүр. Чындыгында жаман иш болду. Мындайдын алдын албасак болбойт.

**Окуу бөлүм башчысы Эгембердиева**

Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер жана ата-энелер.

Мен да бул окуучуларынын пикир келишпестигине катышып калдым. Себеби менин кабинетимдин алдында болгон. Ошол эле учурда өзүм да окуучуларды ажыратамын деп кичине коркуулар пайда болду. Мындай нерсени көргөн эмесмин.

**Чыгып сүйлөдү: Мектеп директору Сарытаева Д.Т.**

Урматтуу мугалимдер, мына 6-а класстын окуучулары жана 7-в класстын окуучулары мектептеги өзүлөрүнүн тартиптерин көрсөтүштү. Урматтуу ата-энелер бул жер билим алуучу жай, ошол эле учурда тарбияны да беребиз. Бирок биз сиздер менен бирге иштешкенде гана тарбияны жетиштүү бере алабыз.

Бул болгон окуя албетте бооруңду оорутат. Биз мугалимдер ар дайым окуучулар менен бирге болуп, алардын тартиптерин, билимин жакшыртууга болгон күчүбүздү жумшайбыз. Ошого сиздерден сураныч окуучулардын тартиптерин үйдөн да карап, жардам берсеңиздер.

**Мектептин участкалык инспектору Калматов Тагдыр сөз сүйлөдү.**

Урматтуу ата-энелер албетте бул жерде мугалимдер болбогондо жаман иш болмок.

Ошондо ата-энелер арызданып келмексиздер. Бул жерде мектеп мугалимдери билим гана бериш керек. Сиздер тарбияны да мугалимдерге жүктөп койгонсуздар. Балам окуп жатат дейсиздер. Балдарыңыздардын мектепте, көчөдө кантип жүргөнүн билбейсиздер. Качан гана балаңыз бир нерсеге дуушар болгондо менин балам андай эмес деп келесиздер. Андай кылбай тартипке чакырыңыздар.

**Жогорудагы маселелердин негизинде алдын алуу кеңешинин жыйыны төмөнкүдөй чечим кылат:**

1. 6-а жана 7-в класстарынын жүрүм-турумун катуу көзөмөлгө алуу жана тартип бузуу, зомбулук, шылдыңдоо жөнүндө тарбиялык сааттарды өтүү класс жетекчиге милдеттендирилет.
2. Жогорудагы аты аталган эки класстын ата-энелерине балдардын тартибин, жүрүм-турумун үйдөн көзөмөлдөө сунушталат.

Алдын алуу кеңешинин төрайымы: Атаханова Ш.Б

Катчы: Бекенова Г